**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# «АНГЛИС ТИЛИ»

# ОКУУ ПРОГРАММАСЫ

жалпы билим берүү уюмдарынын 7-9-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**Иштеп чыккандар:**

| | |
|---|---|
| Шаршембиева Д. Н. | Кыргыз билим берүү академиясынын көп тилдүү жана инклюзивдүү билим берүү бөлүмүнүн башчысы; |
| Алекова Э. А. | Ош ш., Г. Айтиев атындагы №37 орто мектептин англис тили мугалими; |
| Куцева В. С. | Ош облусу,, Куршаб а., Аалам мектиптин англис тили мугалими; |
| Шорукова С. З. | Каракол ш, А. Айтпаев атындагы мектептин  англис тили мугалими. |

**Рецензенттер:**

| | |
|---|---|
| Абдышева Ч. А. | Бишкек ш., БГУ англис тили кафедрасынын улук окутуучусу; |
| Цуканова Н. Э. | Токмок ш., Борбордук Азия эл аралык университети, улук окутуучу. |

Жалпы билим берүү уюмдарынын 7-9-класстары үчүн «Англис тили» окуу программасы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жалпы билим берүү стандартына, «Чет тили» предметтик стандартына ылайык иштелип чыкты.

Программа окутуунун мазмунун аныктайт, окуучулардын предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу үчүн окуу процессинин логикасын, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен темаларды жана тилдик материалды үйрөнүүнүн ырааттуулугун сунуштайт. Программанын негизинде окуу китептери, окуу куралдары жана календардык-тематикалык план түзүлөт. Программа жылына 68 саатка эсептелген.

# ҮШҮНДҮРМӨ КАТ

«Англис тили» окуучулардын көп улуттуу жана көп маданияттуу дүйнөдө өз ара аракеттенүүгө даярдыгын калыптандыруунун эң маанилүү каражаты болуп саналат. Ааламдашуу шартында чет тилин, атап айтканда англис тилин билүү ийгиликтүү баарлашуунун, жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүүнүн, көз карашын кеңейтүүнүн жана башка маданияттарга толеранттуу мамилени калыптандыруунун зарыл куралына айланууда. Англис тилин үйрөнүү сүйлөө көндүмдөрүн өздөштүрүүгө жардам берет, окуучулардын лингвистикалык көз-карашын кеңейтет, окуучулардын жалпы кеп өнүктүрүүсүнө, ошондой эле жаш муундарды тарбиялоо жана окутуунун заманбап талаптарына жооп берген ачыктык, кызыккандык жана командада иштөө жөндөмдүүлүгү сыяктуу инсандык сапаттарды өнүктүрүүгө шарт түзөт.

7-9-класстарда чет тилин окутуунун **максаты** – окуучунун көп маданияттуу, көп тилдүү инсанды калыптандыруу, жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө баарлашуу үчүн чет тилин эффективдүү колдонууга үйрөтүү.

**Милдеттер:**

1. **Тарбия берүүчүлүк:** көп түрдүүлүктү түшүнүү жана «дүйнө таанымын» кеңейтүү;
2. **Билим берүүчүлүк:** угуу, окуу, сүйлөө жана жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү; баарлашуу максатында грамматикалык формаларды жана лексикалык бирдиктерди колдоно билүү;
3. **Өнүктүрүүчүлүк:** чет тилин үйрөнүүгө жана маданияттар аралык баарлашууга даярдыгын өнүктүрүү.

Англис тили сабагында окуучулар төмөнкү предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болушат:

**Тилдик компетенттүүлүк** – чет тилинде өз оюн билдирүү үчүн тилдик каражаттарды колдонуу жөндөмү. Окуучу төмөнкү көндүмдөрдү көрсөтөт:

- тамга айкалыштарын туура айтат, сөздө жана сүйлөмдө басымды туура колдонот;
- орфографиянын жана пунктуациянын эрежелерин сактоо менен сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү жазат;
- синонимдер менен антонимдерди айырмалайт, жаңы сөздөрдү түшүнүү үчүн стратегияларды колдонот;
- грамматикалык жактан туура сүйлөмдөрдү түзөт;
- өз оюн так жана көркөм билдирүү үчүн ар кандай тилдик каражаттарды колдонот;
- оозеки жана жазуу жүзүндө англис тилинин лингвистикалык нормаларын айырмалайт жана колдонот.

**Кептик компетенттүүлүк** – ар кандай кырдаалдарда натыйжалуу баарлашуу үчүн тилди (окуу, угуу, сүйлөө, жазуу) колдонуу жөндөмү. Окуучу төмөнкү көндүмдөрдү көрсөтөт:

- өз оюн так, ырааттуу жана логикалык байланышта түзө алат;
- сүрөттөө, баяндоо, салыштыруу, аргументтөө тексттерди түзөт;
- ар кандай баарлашуу кырдаалдарда оозеки сүйлөшүүдө негизги мазмунун жана деталдарын түшүнөт;
- тексттин негизги идеясын, фактыларын аныктайт, далилдейт, жыйынтык чыгарат;
- тексттин маанисин, түзүлүшүн жана негизги деталдарын сактап, укканын же окуганын кайталап айтып берет.

**Маданияттар аралык компетенттүүлүк** – үйрөнүп жаткан тилди колдонуу менен өз ара аракеттенүү, башка элдердин маданиятын урматтоо, маданияттар аралык баарлашуу кырдаалында өз өлкөсүн көрсөтүү жөндөмдүүлүгү. Окуучу төмөнкү көндүмдөрдү көрсөтөт:

- кеп нормаларын сактайт (маекти баштоо, колдоо, бүтүрүү);
- чет тил маданиятынын элементтерин тааныйт (макал-лакаптар, фразеологиялык бирдиктер ж.б.);
- англис тилинин маданиятынын өзгөчөлүктөрүн өзүнүн маданияты менен салыштырат, окшоштуктарды жана айырмачылыктарды табат.

Базистик окуу планы боюнча 7-9-класстарда окуу жүктөмү жумасына 2 саат, жылына 68 саатты түзөт. Берилген сааттарды максаттуу пайдалануу менен окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн программада сааттар төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

- Киришүү сабактар – 2 саат;
- Тематикалык материалдар - 56 саат;
- Кайталоо сабактар - 4 саат;
- Текшерүү иштер – 4 саат.

Бардык кептик темалары грамматикалык материал менен бирге берилет. Англис тили сабагында окуучулардын тил деңгээлине жараша, класс эки подгруппага бөлүнөт.

## II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ

Мектепте англис тилин колдонуу чөйрөсүнө: социалдык-тиричилик чөйрөсү, социалдык-маданий чөйрө, окуу-эмгек чөйрөсү кирет.

7-9 класстарда төмөнкү темалар окулат:

1. Инсан.
2. Үй-бүлө.
3. Мектеп.
4. Турак жай, жашаган жери.
5. Соода, тамак-аш, кийим-кече.
6. Спорт жана ден соолук.
7. Күнүмдүк жашоо.
8. Айлана-чөйрө.
9. Менин өлкөм.
10. Чет өлкөлөр.
11. Илим жана техника дүйнөсү.
12. Адабият жана искусство дүйнөсү.

**Материалды класстар боюнча тематикалык бөлүштүрүү.**

**1-таблица**

| **Тема** | **Саат-тар** | **7-класс** | **8-класс** | **9-класс** |
|---|---|---|---|---|
| **Инсан** | 5 | Адамдын келбети жана мүнөзү. Менин күчтүү жана алсыз жактарым, эмоциялар. Кызыгуулар жана максаттар. Мен суктанган адамдар. | Менин өмүр баяным, адаттарым, жеке тажрыйбам, Мүнөздөр. Менин көз карашыма ким таасир этет? Кыйынчылыктар жана ийгиликтер. | Келечекте ким болгум келет. Биографиялар Белгилүү адамдар (ар түрдүү этностордун өкүлдөрү) Башка инсандарды жана маданияттарды урматтоо. |
| **Үй-бүлө** | 5 | Өзүнүн үй-бүлөсү тууралуу айтып берүү. Ким эмне менен алектенет. Үй-бүлөлүк салттар. Ата-энелерге жардам берүү жана жоопкерчиликти бөлүшүү. | Үй-бүлө баалулукары. Чыр-чатактарды кантип чечүү керек. Чоң-апа, чоң-аталар менен баарлашуу. | Инсандын калыптанышына үй-бүлөнүн таасири. Өспүрүмдөрдүн үй-бүлөлүк жашоого катышуусу. Башка маданияттарда үй-бүлөлүк салттар. |
| **Мектеп** | 4 | Мектепти, классты сүрөттөө. Жакшы көргөн сабактыры туралуу маектешүү. Мектептеги эрежелер. | Мектеп кандай уюштурулган. Мектеп жашоосу (майрамдар жана иштер). Окуу менен эс алууну кантип айкалыштыруу керек. | Окуу стилдери (визуалдык, кинестетикалык ж.б.). Мектеп окуучуларынын укуктары жана жоопкерчилик. |
| **Турак жай, жашаган жери** | 4 | Өзүнүн үйүн сүрөттөө. Менин бөлмөм. Менин шаарым, айылым. Үй жумуштуры. | Үйдүн түрлөрү. Шаардагы жана айылдагы жашоо. Күнүмдүк жашоодо технологиялар. Жаңы жерге көчүп баруу. Турак жайды жасалгалоо. | Кошуналар, коммуналдык кызматтар. Аймактын экологиясы. Үйдөгү комфорт. |
| **Соода, тамак-аш, кийим-кече** | 4 | Азык-түлүк дүкөнү. Кийим тандоо. Кафеде тамакты сатып алуу. | Кийим сатып алуу. Туура тамактануу. Менин сүйүктүү тамагым. | Саркеч кийимдер. Улуттук тамактар. Онлайн соода. |
| **Спорт жана ден соолук** | 5 | Дене мүчөлөрү. Доктурга кайрылуу. Күнүмдүк тартип. Ден соолукту сактоо. | Туура тамактануу, спорт. Физикалык активдүүлүк. | Өспүрүмдөр жана ден соолук. Эмоционалдык жыргалчылык. Биринчи жардам. Доктурга кайрылуу. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Күнүмдүк жашоо** | 4 | Күнүмдүк тартип. Үй жумуштары жана милдеттери. Кызыгуулар, клубдар, сейилдөөлөр. Дем алыш пландары. | Күн тартиби. Үй жумуштары. Сүйүктүү иш-чаралар. Убакытты пландаштыруу. | Гаджетти колдонбоо. Жашоонун ыргагы (ар кандай кесиптер, шаар жана айыл). Маданий айырмачылыктар. Убакытты жана эс алууну пландоо. |
| **Айлана чөйрө** | 5 | Мезгилдер. Аба ырайы. Менин шаарымдагы/айылдагы жаратылыш. Жаныбарлар жана алар жашаган жер. Өсүмдүктөр. Жаратылышты коргоо. | Планетанын кооз жерлери. Жаныбарлар жөнүндө аңгемелер. Ар кайсы өлкөлөрдө климат. | Климаттын өзгөрүшү. Табигый кырсыктар. “Жашыл көндүмдөр”. |
| **Менин өлкөм** | 4 | Менин өлкөм. Кызыктуу жерлер. Майрамдар. | Кыргызстандын климаты. Табигый объектилер. Кыргызстан элдеринин улуттук тамактары. | Шаарда экскурсия.<br>Атактуу адамдар. Кыргызстан элдеринин салттары. |
| **Чет өлкөлөр** | 5 | Кайсы өлкөлөр англисче сүйлөйт, алар кайда жашайт? Желектер жана борборлор. Башка өлкөлөрдүн салттары. Кызыктуу жерлер. | АКШ, Канада ж.б. өлкөлөр. Символдор жана салттар. Англис тили дүйнөдө. | Салттар, жүрүм-турум, этикет. Саякаттоо. Белгилүү инсандар. Улуттук тамактар. |
| **Илим жана техника дүйнөсү** | 5 | Технологияларды колдонуу (телефон, планшет, компьютер). Экскурсия, Илимий ачылыштар (лампочка, велосипед). | Белгилүү ачылыштар. Роботтор эмне жасайт? Турмуш тиричиликте, окууда, жумушта технологиялар. Интернет. | Жашоодо интернеттин ролу. Турмуш тиричиликтеги технологиялар. Экотехнологиялар.<br>Белгилүү окумуштуулар. |
| **Адабият жана искусство дүйнөсү** | 5 | Менин жакшы көргөн тасмам, китебим, мультфильм каарманы. жомоктор. Музыкалык аспаптар жана стилдер. Белгилүү сүрөттөр. Музейге баруу. | Жомоктор жана аңгемелер. Макалдар. Англис тилдүү өлкөлөрдө поп музыка. Элдик кийимдер жана бийлер. | Классикалык жана заманбап искусство. Макалдар.<br>Кино жана театр, музыка.<br>Аңгемелер |

**Компетенттүүлүк жана класстар боюнча билим берүүнүн натыйжалары**

**2-таблица.**

| Мазмундук багыттар | Предметтик компетенттүүлүктөрдүн мазмуну | Күтүлүүчү натыйжалар | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **7-класс** | **8-класс** | **9-класс** |
| | | **Тилдик компетенттүүлүк** | | |
| **Тилдик системанын элементтери** | **Орфография** | – үйрөнүп жаткан тема боюнча сөздөрдү окуйт жана жазат. | | |
| | **Фонетика** | – тилдеги бардык тыбыштардын жана үйрөнгөн тамга айкалыштарын туура айтып, угуп ажырата билет;<br>– сөздөрдө жана сөз айкаштарында туура басымды байкайт;<br>– угуу жана айтуу көндүмдөрүн жакшыртат; | | |
| | **Лексика** | 650 лексикалык бирдикти билет жана кепте колдонот;<br>– синонимдерди, антонимдерди, туруктуу сөз айкаштарын колдонот. | 750 лексикалык бирдикти билет жана кепте колдонот;<br>– синонимдерди, антонимдерди, туруктуу сөз айкаштарын колдонот. | 850 лексикалык бирдикти билет жана кепте колдонот;<br>– синонимдерди, антонимдерди, туруктуу сөз айкаштарын колдонот. |
| | **Грамматика** | Төмөнкүлөрдү таанып жана кебинде колдонот:<br>– жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр;<br>– суроолуу сүйлөмдөр (жалпы суроо, атайын суроо);<br>– жактоочу жана терс формадагы буйрук сүйлөмдөр;<br>– P<br>– P<br>– P<br>– F<br>– Артикль **a, the, zero;**<br>– зат атоочтун таандык абалы;<br>– like / love / hate / don't mind этиштерден кийин герундий;<br>– P<br>– P | Төмөнкүлөрдү таанып жан кебинде колдонот:<br>– бир нече тактооч менен жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр;<br>– багыңкы сүйлөмдөр;<br>– C<br>– суроолуу сүйлөмдөр (жалпы суроо, атайын суроо);<br>– жактоочу жана терс формадагы буйрук сүйлөмдөр;<br>– P<br>– P<br>– P<br>– Артикль **a, the, zero;**<br>– зат атоочтун таандык абалы;<br>– like / love / hate / don't mind этиштерден кийин герундий;<br>– P | Төмөнкүлөрдү таанып жана кебинде колдонот:<br>– бир нече тактооч менен жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр;<br>– Conditional 0, 1 and 2;<br>– багыңкы сүйлөмдөр;<br>– суроолуу сүйлөмдөр (жалпы суроо, атайын суроо);<br>– жактоочу жана терс формадагы буйрук сүйлөмдөр;<br>– Present Continuous tense;<br>– Present Perfect Tense;<br>– Артикль **a, the, zero;**<br>– зат атоочтун таандык абалы;<br>– like / love / hate / don't mind этиштерден кийин герундий;<br>– Present Simple Tense (туура эана |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | – сын атооч менен тактоочтун салыштырма жана үстөмдүк даражалары;<br>– келээр чакты билдирген модалдык этиш will;<br>– келээр чакты билдирген –ing менен аяктаган этиштер;<br>– Active and passive voice (туура жана туура эмес этиштер);<br>– Z<br>– модалдык этиштер (can, have to, must);<br>– Phrasal verbs;<br>– зат атоочтор;<br>– o<br>– ээлик сын атоочтор;<br>– ээлик атоочтор;<br>– жыштык тактоочтору;<br>– түз жана кыйыр объект;<br>– сын атоочтор *-ed, -ing;*<br>– сөз куруу, суффикс *-tion;*<br>– болжолдоо үчүн модалдык этиштер;<br>– саналуучу жана саналгыс зат атоочтор. | – сын атооч менен тактоочтун салыштырма жана үстөмдүк даражалары;<br>– келээр чакты билдирген модалдык этиштер will, may, might;<br>– келээр чакты билдирген –ing менен аяктаган этиштер;<br>– Active and Passive voice (туура жана туура эмес этиштер);<br>– Phrasal verbs;<br>– саналуучу жана саналгыс зат атоочтор.<br>– Модалдык этиштер (can, have to, must, should, ought to);<br>– u<br>– татаал/курама зат атоочтор;<br>– тактоочторду түзүү;<br>бүткөн сын атоочтор; | туура эмес этиштер);<br>– Past Continuous Tense;<br>– сын атооч менен тактоочтун салыштырма жана үстөмдүк даражалары;<br>– келээр чакты билдирген модалдык этиштер will, may, might;<br>– келээр чакты билдирген –ing менен аяктаган этиштер;<br>– Active and Passive voice (туура жана туура эмес этиштер);<br>– Phrasal verbs;<br>– саналуучу жана саналгыс зат атоочтор.<br>– Модалдык этиштер (can, have to, must, should, ought to);<br>– сын атоочтор жана предлогдор. |
| | | **Кептик компетенттүүлүк** | | |
| **Кептик баарлашуу** | **Угуп кабыл алуу көндүмү** | Чет тилдеги текстти 1 - 1,5 мүнөт угуу аркылуу кабыл алат:<br>– татаал эмес текст – монолог, диалог (негизги ой, негизги фактылар) түшүнөт;<br>– тексттин мазмунун болжолдойт;<br>– зарыл болбогон маалыматты ажырата билет. | Чет тилдеги текстти 1,5-2 мүнөт угуу аркылуу кабыл алат:<br>– татаал эмес текст – монолог, диалог (жалпы негизги ой, негизги фактылар) түшүнөт;<br>– тексттин мазмунун болжолдойт;<br>– зарыл болбогон маалыматты ажырата билет. | Чет тилдеги текстти 1,5-2 мүнөт угуу аркылуу кабыл алат:<br>– татаал эмес текст – монолог, диалог (жалпы негизги ой, негизги фактылар) түшүнөт;<br>– тексттин мазмунун болжолдойт;<br>– зарыл болбогон маалыматты ажырата билет. |
| | **Окуу көндүмү** | 250 сөздөн турган тексттерди окуй алат жана түшүнөт: | 300 сөздөн турган тексттерди окуй алат жана түшүнөт: | 350 сөздөн турган тексттерди окуй алат жана түшүнөт: |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | – аталышы, сүрөт боюнча тексттин мазмунун болжолдойт;<br>– негизги ойду аныктайт;<br>– негизги фактыларды ажыратат;<br>– логикалык ырааттуулукту түзөт;<br>– текстти түшүнүү стратегияларын колдонот (синонимдер, антонимдер, түшүндүрмө, кызматчы сөздөр, сөз курамын талдоо ж.б.)<br>– окуганы боюнча өз оюн билдирет;<br>– туташ, курама тексттерди окуйт (афиша, жүгүртмө, инфографика);<br>– маалыматтын 2 булагын колдонот;<br>– сөздүктү колдонот. | – аталышы, сүрөт боюнча тексттин мазмунун болжолдойт;<br>– негизги ойду аныктайт;<br>– негизги фактыларды ажыратат;<br>– логикалык ырааттуулукту түзөт;<br>– текстти түшүнүү стратегияларын колдонот (синонимдер, антонимдер, түшүндүрмө, кызматчы сөздөр, сөз курамын талдоо ж.б.)<br>– окуганы боюнча өз оюн билдирет;<br>– туташ, курама тексттерди окуйт (афиша, жүгүртмө, инфографика);<br>– маалыматтын 2 булагын колдонот;<br>– сөздүктү колдонот. | аталышы, сүрөт боюнча тексттин мазмунун болжолдойт;<br>негизги ойду аныктайт;<br>– аталышы, сүрөт боюнча тексттин мазмунун болжолдойт;<br>– негизги ойду аныктайт;<br>– негизги фактыларды ажыратат;<br>– логикалык ырааттуулукту түзөт;<br>– текстти түшүнүү стратегияларын колдонот (синонимдер, антонимдер, түшүндүрмө, кызматчы сөздөр, сөз курамын талдоо ж.б.)<br>– окуганы боюнча өз оюн билдирет;<br>– туташ, курама тексттерди окуйт (афиша, жүгүртмө, инфографика);<br>– маалыматтын 2 булагын колдонот;<br>– сөздүктү колдонот. |
| | **Сүйлөө көндүмү** | 10 же андан көп сүйлөм түзө алат;<br>– сүйлөшүүнү баштайт, жүргүзөт жана аяктайт;<br>– куттуктайт, каалоо-тилектерин айтат жана аларга жооп берет;<br>– сылык түрдө кайра сурайт жана макулдугун/баш тартуусун билдирет;<br>– суроо-талаптарды жана фактылык маалыматтарды берет (Ким? Эмне? Кантип? Кайда? Качан? Ким тарабынан? Эмне үчүн?);<br>– сүйлөшүүнү жүргүзөт;<br>– өтүнүчүн билдирет, аны аткарууга даярдыгын/баш тартуусун билдирет;<br>– кеңеш берет жана аны кабыл алат/кабыл албайт;<br>– аракетке/өз ара аракеттенүүгө | 15ке чейин сүйлөм түзө алат;<br>– сүйлөшүүнү баштайт, жүргүзөт жана аяктайт;<br>– куттуктайт, каалоо-тилектерин айтат жана аларга жооп берет;<br>– сылык түрдө кайра сурайт жана макулдугун/баш тартуусун билдирет;<br>– суроо-талаптарды жана фактылык маалыматтарды берет (Ким? Эмне? Кантип? Кайда? Качан? Ким тарабынан? Эмне үчүн?);<br>– сүйлөшүүнү жүргүзөт;<br>– өтүнүчүн билдирет, аны аткарууга даярдыгын/баш тартуусун билдирет;<br>– кеңеш берет жана аны кабыл алат/кабыл албайт;<br>– аракетке/өз ара аракеттенүүгө | 15 же андан көп сүйлөм. түзө алат;<br>– сүйлөшүүнү баштайт, жүргүзөт жана аяктайт;<br>– куттуктайт, каалоо-тилектерин айтат жана аларга жооп берет;<br>– сылык түрдө кайра сурайт жана макулдугун/баш тартуусун билдирет;<br>– суроо-талаптарды жана фактылык маалыматтарды берет (Ким? Эмне? Кантип? Кайда? Качан? Ким тарабынан? Эмне үчүн?);<br>– сүйлөшүүнү жүргүзөт;<br>– өтүнүчүн билдирет, аны аткарууга даярдыгын/баш тартуусун билдирет;<br>– кеңеш берет жана аны кабыл алат/кабыл албайт;<br>– аракетке/өз ара аракеттенүүгө чакырат жана ага катышууга |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | чакырат жана ага катышууга макул/макул эмес болгонун билдирет;<br>– өз көз карашын, өнөктөштүн көз карашы менен макулдугун/макул эместигин билдирет, шектенүү, сезимдер, эмоциялар (кубаныч, кайгы);<br>– кептин коммуникативдик түрлөрүн колдонуу менен фактыларды жана окуяларды кыскача баяндайт: сүрөттөмө, билдирүү;<br>– вербалдык эмес коммуникацияларды (мимика, жаңсоо, жылмаюу ж.б.) колдонот. | чакырат жана ага катышууга макул/макул эмес болгонун билдирет;<br>– өз көз карашын, өнөктөштүн көз карашы менен макулдугун/макул эместигин билдирет, шектенүү, сезимдер, эмоциялар (кубаныч, кайгы);<br>– кептин коммуникативдик түрлөрүн колдонуу менен фактыларды жана окуяларды кыскача баяндайт: сүрөттөмө, билдирүү;<br>– вербалдык эмес коммуникацияларды (мимика, жаңсоо, жылмаюу ж.б.) колдонот. | макул/макул эмес болгонун билдирет;<br>– өз көз карашын, өнөктөштүн көз карашы менен макулдугун/макул эместигин билдирет, шектенүү, сезимдер, эмоциялар (кубаныч, кайгы);<br>– кептин коммуникативдик түрлөрүн колдонуу менен фактыларды жана окуяларды кыскача баяндайт: сүрөттөмө, билдирүү;<br>– вербалдык эмес коммуникацияларды (мимика, жаңсоо, жылмаюу ж.б.) колдонот. |
| | **Жазуу көндүмү** | 40-50 сөз көлөмдө тексттерди жаза алат:<br>– жеке кат жазат, өзү жөнүндө, атактуу адамдар жөнүндө, курчап турган дүйнө, азыркы, өткөн жана келечектеги окуялар, үйрөнүлүүчү тилдин өлкөсү жөнүндө кыскача тексттерди жазат;<br>– тексттердин төмөнкү түрлөрүн жазат: абзацтар, эссе-сүрөттөө. | 60-80 сөз көлөмдө тексттерди жаза алат:<br>– жеке кат жазат, өзү жөнүндө, атактуу адамдар жөнүндө, курчап турган дүйнө, азыркы, өткөн жана келечектеги окуялар, үйрөнүлүүчү тилдин өлкөсү жөнүндө кыскача тексттерди жазат;<br>– тексттердин төмөнкү түрлөрүн жазат: абзацтар, эссе-сүрөттөө. | 90 жана андан көп сөз көлөмдө тексттерди жаза алат:<br>– жеке кат жазат, өзү жөнүндө, атактуу адамдар жөнүндө, курчап турган дүйнө, азыркы, өткөн жана келечектеги окуялар, үйрөнүлүүчү тилдин өлкөсү жөнүндө кыскача тексттерди жазат;<br>– тексттердин төмөнкү түрлөрүн жазат: абзацтар, эссе-сүрөттөө. |
| **Маданият аралык байланыш коммуникация** | | **Маданият аралык компетенттүүлүк** | | |
| | | – үйрөнүп жаткан тилдин өлкөсүнүн улуттук-маданий өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүккө ээ;<br>– үйрөнүп жаткан тилдин өлкөлөрүнүн маданиятына урмат жана толеранттуулукту көрсөтөт;<br>– сүйлөө жана сүйлөнбөгөн жүрүм-турум эрежелерин билет, рахмат айтат, сылык саламдашат жана коштошот;<br>– үйрөнүп жаткан тилдин өлкөлөрүнүн фольклору менен тааныш;<br>– үйрөнүп жаткан тилдин өлкөлөрүнүн маданий өзгөчөлүктөрүн өз өлкөсүнүн улуттук маданияты менен салыштырат;<br>– чет тилдеги фразеологизмди жана макал-лакаптарды билет жана колдонот; | | |

## РЕДМЕТТИ ОКУТУУ МЕТОДИКАСЫ

Чет тилин окутуу коммуникативдик көндүмдөрдү, таанып билүү активдүүлүгүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө, окуучулардын дүйнө таанымын жана өз алдынчалыгын кеңейтүүгө көмөктөшүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүүнү камсыз кылууга тийиш. Ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу, инклюзивдик методдорду колдонуу жана окуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү маанилүү.

Чет тили сабактарындагы натыйжалуу билим берүү чөйрөсү бир нече негизги компоненттерди камтыйт.

**Окутуу чөйрөнүн компонентери** **1-схема**

- **Универсалдуу окуу дизайны**
  - ар түрдүү каражаттар
  - баалоонун ар түрдүү формалары
- **Оюн жана интерактивдүү ыкмалары**
  - ролдук оюндар, кыймыл менен ырлар
  - командалык тапшырмалар
- **Scaffolding - Колдоо**
  - жөнөкөйдөн татаалга
  - визуалдык жана кептик таяныччтар

**Эмоционалдык колдоо жана психологиялык жагдай** тил үйрөнүү процессинде маанилүү ролду ойнойт. Класстагы достук атмосфера тынчсызданууну азайтат, окуучулардын ишенимин жогорулатат жана алардын окуу процессине катышуусуна өбөлгө түзөт. Позитивдүү окуу чөйрөсүн түзүү үчүн төмөнкүлөр маанилүү:

– ачык баарлашууга шыктандыруу, окуучулардын бири-бири менен таанышуусуна жардам берүү үчүн командалык көнүгүүлөрдү колдонуу;

– урматтоого жана сабакка активдүү катышууга көмөктөшүүчү класстын эрежелерин белгилөө; сабактын максаттарын чогуу коюу;

– окуучулардын аракеттерин жана позитивдүү жүрүм-турумун таануу; үйрөнүү мотивациясын жогорулатуу үчүн дем берүүчү сөздөрдү, стикерлерди, сертификаттарды же башка кичинекей сыйлыктарды колдонуу;

– топтук иштерди, долбоорлорду, талкууларды колдонуу; активдүү угуунун ыкмаларын үйрөнүү, ачык суроолорду берүү;

– эмоционалдык лексиканы үйрөтүү: окуучуларга эмоцияга байланыштуу сөздөрдүн кеңири спектрин берүү; ар кандай эмоцияларды талкуулоо жана түшүнүү үчүн

көнүгүүлөрдү колдонуу;

– жынысына, маданиятына жана жөндөмдүүлүгүнө карабастан бардык окуучулар.
– үчүн коопсуз жана колдоочу мейкиндикти түзүү; окуучуларды ар түрдүүлүктү урматтоого жана баалоого үйрөтүү.

Мындай мамиле окуучулардын окуу процессине активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт, алардын тилди кабыл алуу жана аны иш жүзүндө колдонуу жөндөмүн жакшыртат.

Текст менен иштөөдө мугалим PDP сабак структурасын колдоно алат (Pre-reading/Окуганга чейин, During reading/Окуу учурунда, Post reading/Окугандан кийин). Ар бир этапта мугалим окуучуларга визуалдык жана оозеки колдоо көрсөтөт. Сабакта иштөөдө окуучулар текстти 3 жолу окуй алышат.

**PDP сабактын структурасы (Pre-reading, During reading, Post-reading) 2-схема**

| | |
|---|---|
| Pre-reading – Окуганга чейин | • окуучулардын билими актуалдаштырат;<br>• сүрөттөр, суроолор, БББА таблицасы колдонулат. |
| During reading – Окуу учурунда | • текстти түшүнүү текшерилет;<br>• суроолор, схемалар, көнүгүүлөр колдонулат. |
| Post-reading – Окугандан кийин | • грамматика жана лексика практикаланат;<br>• тыянак чыгарып, өз алдынча текст түзүшөт. |

Сабактын максаттары предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

## ААЛОО

Окуучулардын жеке билим жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн класста баалоонун үч түрү колдонулат: диагностикалык, калыптандыруучу (формативдик) жана суммативдик. Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык, 3-класста чет тили сабагында белги коюлбаган баалоо колдонулат. Жазуу жүзүндө же оозеки түрдө сапаттуу сүрөттөөчү баалоого гана жол берилет. Башталгыч мектепте төмөнкү принциптерге негизделген калыптандыруучу баалоо ишке ашырылат:

1. **Баалоо ийкемдүү болушу керек.** Мугалим натыйжаларды көрүү үчүн ар кандай формаларды жана тапшырмаларды колдонот: Бул сүрөт тартуу, графикалык иш, роль ойноо, оозеки же жазуу жүзүндөгү жооп ж.б. болушу мүмкүн.
2. **Баалоо шыктандыруучу болушу керек.** Мугалим окуучулар жана ата-энелер менен окуу прогрессин талкуулайт:

– окуу ишиндеги ийгиликтерди көрсөтүү,
– эң типтүү каталардын көрсөтмөлөрү,

– окууга кызыгууну стимулдаштыруу,

– коюлган баа менен окуучунун макулдугун камсыз кылуу.

3. **Баалоо жылуу маанайда болушу керек,** т.а. окуучулардын каталары эмес, жетишкендиктери бааланат. Баалоо критерийлери оң берилет (*3 тапшырма аткарылды, 5 сөз жазды*), терс формулировкалар алынып салынат (*жасай албайт, 5 ката кетирилген ж.б.*).

4. **Өзүн өзү баалоо жана өз ара баалоо.** Мугалим калыптандыруучу баалоонун техникаларын колдонот, мисалы,:

«Светофор» *(Мен …… жасай алам, Мага ….. жардам керек.);*

«Жазуу комментарий» - бул окуучулардын өзүнө болгон ишенимин арттырган “жакшы сөздөр”; мактоо сөздөрү алардын ийгиликтүү окуусуна жардам берет;

«Ийгиликтин тепкичи»;

«Мишень»;

«Кол белгилери»;

«Анкета» (*Сабакта мен ….. аткардым., Тапшырмалар ….. болду. Сабак мага ….. көрүндү.)*

**7-8-9-класстар үчүн 15 лексикалык бирдиктен турган лексикалык жат жазууну баалоо критерийлери**

**4-таблица**

| **Туура жазылган сөздөр** | **Баа** |
|---|---|
| 12-15 сөз | Эң жакшы |
| 9-11 сөз | Жакыш |
| 6-8 сөз | Канаатандырыраалык |
| 5 жана андан аз сөз | Канаатандырыраалык эмес |

Жат жазуу жана тесттик тапшырмаларды баалоо төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

- «5» деген баа – тапшырманын 85 % ийгиликтүү аткарылганда;
- «4» деген баа – тапшырманын 65 % ийгиликтүү аткарылганда;
- «3» деген баа – тапшырманын 45 %дан 64 %га чейин ийгиликтүү аткарылганда;
- «канааттандырарлык эмес» деген баа – тапшырма 45 %дан аз аткарылганда.

**Угууну жана окууну баалоонун болжолдуу критерийлери**

**5-таблица**

| **Критерий** | **Эң жакшы** | **Жакшы** | **Канааттанды-рарлык** | **Канааттан-дырарлык эмес** |
|---|---|---|---|---|
| **Тексттин мазмунун жана формасын түшүнүү** | Тексттин негизги идеясын түшүнөт, майда-чүйдөсүнө чейин (кайталанган сөздөрдү) табат жана жыйынтык чыгарат.<br>Тексттин формасын | Тексттин негизги идеясын түшүнөт, деталдарды жарым-жартылай табат, синонимдерди тандап, колдонуу менен жыйынтык чыгарат. | Маалыматты жарым-жартылай түшүнөт. Кайталанган сөздөрдү таба албайт. Жыйынтык чыгарууда кыйналат. | Негизги ойду, майда-чүйдөлөрүн түшүнбөйт.<br>Жыйынтык чыгара албайт же тексттин формасын |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | айырмалайт, мүнөздөмөлөрүн түшүндүрөт. | Формасын айырмалайт, мүнөздөмөлөрүн түшүндүрүүдө кыйналат. | Тексттин формасын аныктоодо кыйналат. | аныктай албайт. |
| **Салыштыруу, классифика-циялоо** | 3 же андан көп мүнөздөмөлөрдү салыштырат, маалыматты классификация-лайт.<br><br>Текстти башка формага жана тескерисинче (диаграммага, таблицага) которот. | Салыштырууда жана классификация-лоодо 2 өзгөчөлүктү белгилейт.<br><br>Диаграмманы тандайт, таянычтардын жардамы менен диаграмманы текстке которот. | Салыштырууда жана классификация-лоодо 1 мүнөздөмө тандайт.<br><br>Схемадагы мүнөздөмөлөрдү жарым-жартылай чагылдырат. | Окшоштук-тарды жана айырмачы-лыктарды билбейт. |
| **Маалыматты колдонуу** | Текстке таянат, жоопту формулировка-лоо үчүн 4 же андан көп мүнөздөмөлөрдү тандап алат, маалыматтын негизинде өзүнүн тексттин түзөт. | Өз жообун түзүү үчүн тексттен 2-3 мүнөздөмө тандайт. | Жоопту түзүү үчүн тексттен маалыматты тандоодо кыйналат. | Маалыматты колдонбойт. |

**Жазуу жана оозеки жооптордун (тексттин) болжолдуу критерийлери**

**6-таблица**

| Критерийлер | Эң жакшы | Жакшы | Канааттанды-рарлык | Канааттанды-рарлык эмес |
|---|---|---|---|---|
| **Жооптун мазмуну** | Ой так жана түшүнүктүү, сөздөгү басым байкалат. Сүйлөмдөр толук. | Ой тунук, сөздөрдө басым байкалат. Сүйлөмдөр жарым-жартылай аткарылды. | Ой түшүнүксүз, сүйлөмдөр толук эмес. | Жоопту түзө албайт. Сүйлөмдөр бүтпөй калган. |
| **Лексика** | Темага тиешелүү 12 же андан көп сөздөрдү колдонот. | Тема боюнча 8-11 сөздү колдонот.<br><br>3-4 туруктуу сөз айкаштарын колдонот. | Сөздөрү темага жарым-жартылай туура келет, тема боюнча 7 сөзгө чейин колдонот. | Тема боюнча сөз байлыгы жок. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 5 же андан көп туруктуу сөз айкаштарын колдонот.<br>Сүйлөмдөр туура түзүлгөн. | Сүйлөмдөр туура түзүлгөн. | 2ге чейин туруктуу сөз айкаштарын колдонот. Грамматика жарым-жартылай сакталат. | |
| **Тексттин түзүмү** | Текст логикалык байланышта, ой толукталган. | Ой жарым-жартылай аяктаган. | Текст жарым-жартылай түзүлгөн, ой толук эмес. | Тексттин түзүмү жок, ой бүтпөйт. |
| Оозеки жооптордо интонация да текшерилет | | | | |
| **Интонация (оозеки жооп үчүн)** | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келет, басым сүйлөмдөрдүн негизги мүчөлөрүнө же логикалык маанилүү сөздөргө берилет. | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келет, басым жарым-жартылай байкалат. | Интонация кээде сүйлөмдүн түрүнө дал келбей калган, басым байкалбайт. | Интонация сүйлөмдүн түрүнө дал келбейт.<br>басым байкалбайт. |
| **Пунктуация** | Бардык үйрөнгөн тыныш белгилери туура колдонулат. Үтүр, чекит, илеп жана суроо белгилери керектүү жерлерде колдонулат. | Үйрөнгөн тыныш белгилеринин көбү туура колдонулат. Үтүрлөрдү колдонууда кичине каталар бар. | Үйрөнгөн тыныш белгилери каталар менен колдонулат, үтүрлөр, чекиттер, суроо белгилери жана илеп белгилери көп учурда жок же туура эмес коюлат. | Тыныш белгилери колдонулбайт. |